| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>БАРСКООН АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ | | ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>БАРСКООНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I-чакырылышынын XI-кезектүү сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын 20-февралы №19 Барскоон айылы**

**Барскоон айыл аймагына караштуу бардык ички арыктарды Жети-Өгүз райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Барскоон айы аймагын сугат суу менен камсыз кылуу максатында, Барскоон айыл аймагынын ички арыктарын Жети-Өгүз райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковдун маалыматын угуп жана талкуулап, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат**:

1. Барскоон айыл аймагына караштуу бардык ички арыктарды Жети-Өгүз райондук суу чарба башкамалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш-кагаздарын даярдап, тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү, ишке ашыруу жагы Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссияга (Л.М.Элебесов) тапшырылсын.
4. Ушул токтом расмий булактарга, Барскоон айыл өкмөтүнүн веб-сайтына жарыялансын.
5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоодон өткөрүп жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгына жөнөтсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска